Тыянактар

Изилдөө исламофобияны күчөткөн негизги беш факторду таап көрсөттү.

1. Тышкы көрүнүш - исламофобия динге байланыштуу элестүү көрүнүштөрдүн негизинде калыптанат. Хижап, мусулмандар кийими, жаш адамдардын сакалы жана башка көрүнүштөр жаңыча кийинген шаар тургундарынын жанында өтө эле өзгөчөлөнүп, көчөлөрдө жана ар кандай мекемелерде элдин кастык менен кароосун жана кыжырдануусун келтирет.

2. Демографиялык факторлор (жаш курак, гендер жана улут): улуу муун (динге каршы советтик үгүттөө шарттарында чоңойгондор), европа улутунун өкүлдөрү (көбүнчөсү мусулман болуп саналбагандар) жана аялдар исламга жана мусулмандарга абдан терс мамиле жасашат. Аялдар да эркектерге салыштырмалуу исламофобиядан көбүрөөк жабыркашат.

3. Жашаган жери: шаардын борборунунун тургундары периферияда жашагандарга караганда кыйла исламофобиялуу. Бул ошол жерлерде жашаган жашоочулардын жаш курагына жана улутуна байланыштуу болушу мүмкүн.

4. Улуттук бирдейлик - көптөгөн жашоочулар исламдын азыркы таасирлери Кыргызстан үчүн жат көрүнүш болуп саналып, кыргыздын салттуу маданиятына карама-каршы келет деп эсептешет.

5. Жекелик менен коомдуктун ортосундагы чек: жашоочулардын көбү дин жеке аймактын алкагынан коомдук аймакка чыкпашы керек деп эсептешет. Алар исламды үгүттөөгө, өзгөчө үй-бүлөлүк мамилелер жана көп аялдуулук сыяктуу сезимтал жеке темаларга терс көз карашта.

Сунуштар

Бул изилдөө исламофобия деңгээлин азайтуу үчүн төмөнкүлөрдү сунуштайт:

1. Билим берүү мекемелеринде, телевидение менен радионун коомдук каналдары аркылуу, ошондой эле КРнын мусулмандарынын дин башкармалыгын, диний окумуштууларды, диний агартуу уюмдарын ж.б. тартуу менен жалпы эле дин жана ошону менен катар эле ислам тууралуу агартуу иштерин күчөтүүнү. Агартуу жана диний сабаттуулук дин аралашпаган дагы, ошондой эле диний дагы коомдоштуктар үчүн абдан керек.

2. Диний негиздеги чыр-чатактарды алдын алуу жана чечүү, зомбулукту болтурбоо жана кемсинтүүлөргө бөгөт коюу, дин аралашпаган жана диний коомдоштуктардын ортосундагы конструктивдүү пикир алышууларды жолго коюу боюнча иштерди.

3. Мусулман жамааттарынын өкүлдөрүнүн өзүнүн беделин жакшыртуу (тышкы жана ошону менен бирге социалдык беделин), дүйнө таанымын кеңейтүү, сабырдуулук, урматтоо, “алтын ортону” карануу, адамгерчилик жана сылыктык принциптеринин негизинде коомдук жашоого абдан активдүү тартуу боюнча иштери.

4. Дин аралашпаган принциптеги мамлекеттик саясатты, мамлекеттик саясатты жана калктын дин аралашпаган бөлүгүнүн өкүлдөрүн, коомдук жашоого андан алыстабай эле жуурулушууну урматтоого үгүттөө боюнча диний лидерлердин иштери.

Бул аналитикалык макала International Alerttин “Дин жана демократия боюнча конструктивдүү пикир алышуу” долбоорунун алкагында жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжалары боюнча жазылды. Изилдөөлөр долбоордун алкагында 2017 жана 2018-жылдары окутулган жаш изилдөөчүлөр тарабынан жүргүзүлдү.

Редакциялык коллегия: Шакират Токтосунова, долбоордун директору, International Alerttин Кыргызстандагы өкүлү; Расул Момуналиев, долбоордун менеджери.

Бул макала Европа Биримдигинин колдоосу менен даярдалды. Бул макаланын мазмуну International Alert уюмунун жоопкерчилик предмети болуп саналат жана Европа Биримдигинин көз карашын чагылдырбайт.

© 2019. International Alert. Бардык укуктар коргоого алынган.

Долбоор Европа Биримдиги тарабынан каржыланат

International Alerttин “Дин жана демократия боюнча конструктивдүү пикир алышуу” долбоорунун алкагында жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжалары боюнча **аналитикалык макалалар**

Бишкектеги реалдуу жана элестүү исламофобия

Урмат Калеев, Изаура Масеитова
Ментор: Эмил Насритдинов

Резюме

Бул изилдөө исламофобия феноменин - Кыргызстандын борбору - Бишкек шаарындагы исламга жана мусулмандарга карата терс мамилени изилдейт. Изилдөө шаардын жөнөкөй тургундарынын арасында, ошондой эле дин аралашпаган (светское) жана мусулман коомдоштугунун арасында жүргүзүлдү. Изилдөө Бишкектеги исламофобия көмүскөлүү мүнөзгө ээ экендигин – кыйла эле исламофобиялуу маанайлар бар, бирок алар исламофобиялуу аракеттерде сейрек кездешээрин көрсөттү. Изилдөө исламофобияны күчөтүүгө түрткү берүүчү төмөнкүдөй негизги 5 факторду айкындап берди: 1) исламдык элестүү көрүнүштөр, 2) демографиялык факторлор: жашы, улуту жана жынысы, 3) жашаган жери, 4) улуттук бирдейлик маселелери жана 5) жекелик менен коомдуктун чектешүү маселелери.

Киришүү

Кыргызстанда исламофобия булактарын мамлекет ондогон жылдар бою калк арасында жалпы эле динге жана ошону менен катар Исламга терс мамилени колдоп келген советтик мезгилдеги динге каршы катуу үгүттөөлөрүнөн кезиктирсе болот. Бул динчилдиктин жана ислам тажрыйбаларынын өсүшү эгемендүү Кыргызстанда бүгүнкү күндө калктын дин аралашпаган көпчүлүк бөлүгүндө терс реакцияны чакыргандыгынын бирден бир себеби. Мурунку изилдөөлөр[1] өлкөдөгү социалдык агрессия көрүнүштөрүнүн үчтөн бири исламофобияга негизделип, бул коомдун бөлүнүшүнө, диний негиздеги чыр-чатактарга, үй-бүлөлөрдөгү келишпестиктерге, үйрөнчүк мусулман жамаатынын маргиналдашуусуна жана радикалдуу идеологиянын өнүгүүсү үчүн жагымдуу жагдайды түзүүгө алып келээрин айгинеледи. Ушул кезге чейин Кыргызстанда советтен кийинки исламофобия медиа мейкиндигинде гана изилденип келген. Бул изилдөө улуту жана конфессиялык таандуулугу боюнча эң эле түрдүү калк жашаган республикабыздын борбору – Бишкек шаарынын көчөлөрүндөгү исламофобиянын мүнөзүн жана масштабдарын баалоону өзүнө максат кылып койгон.

Методология

Изилдөө сандык жана сапаттык усулдарды бириктирди. Шаар тургундарынын арасындагы анкеталык сурамжылоо шаардын борборунда, кичи райондордо жана жаңы конуштарда жашаган ар кандай улуттагы 400 респондентти камтыды, ал эми үйрөнчүк мусулмандарды анкеталык сурамжылоого эркектер жана аялдар арасынан 100 респондент катышты. Сурамжылоо маалыматтары калктын дин аралашпаган дагы жана динчил бөлүгүнүн өкүлдөрү менен дагы, ошондой эле дин чөйрөсүндөгү эксперттер менен тереңдетилеген интервьюлардын жана топтордогу талкуулардын сериялары менен толукталып турду.

Исламга карата мамиле жана исламофобия деңгээли

[1] «Борбор Азияда тынчтык орнотуу жана медиатехнологиялар мектебинин» алкагында жүргүзүлгөн изилдөө http://www.ca-mediators.net/ru/issledovaniya/

Жалпысынан, шаар тургундары исламга түз көз карашта

Ошондой эле алар ислам майрамдарын баалап, мечиттердин курулушун, азанды жактап, жада калса жума күнкү түшкү тыныгуу убактысын узартуу оюн дагы кубатташат. Алар үчүн исламга байланышкан терс көрүнүш – бул көп аялдуулук. Ошондой эле шаар тургундары ислам менен байланышкан сырткы (внешний? визуальный - элестүү) үч көрүнүштү: жаштардын сакал өстүрүшүн, эркектердин мусулманча кийинишин жана аялдардын хижабын терс кабыл алышат. Аялдар, жашы улуу адамдар, атеисттер, европа улутунун өкүлдөрү (орустар, украиндер ж.б.) жана шаардын борборунун жашоочулары көбүрөөк исламофобиялуу болуп саналышат.

Аялдар, улуу муундагылар, атеисттер, европа улутунун (орустар, украиндер ж.б.) өкүлдөрү жана шаар борборунун тургундары абдан эле исламофобиялуу болуп эсептелинет.





Үйрөнчүк мусулмандардын тажрыйбасы

Үйрөнчүк мусулмандар ачык исламофобияга өтө сейрек кабылышат. Көптөгөн респонденттер (өзгөчө эркектер), адамдар ислам жөнүндө канчалык көп билип, ал эми ислам көрүнүштөрү шаар тургундары үчүн аздыр-көптүр кадыресе көрүнүш боло баштаган сайын, исламофобия деңгээли убакыттын өтүшү менен бара-бара төмөндөй баштады деп эсептешет. Терс мамилеге дуушар болгондор көбүнчө көчөдө, жалпы маалымат каражаттарда жана дин маселелерин талкуулоодо кездешкендерин белгилешти. Алар исламофобияга көбүнчө улуу муун тарабынан кабылышат.

Респонденттер жалпы эле калк арасында да, ошондой эле үйрөнчүк мусулмандар арасында дагы диний сабаттуулуктун абдан алсыз деңгээли - исламофобиянын себептери деп эсептешет.

Аялдар жана кыздар балдарга жана эркектерге караганда диний негизде исламофобияга, кемсинтүүлөргө жана күч зомбулугуна, өзгөчө үй-бүлөдө (үй-бүлөнүн анчалык динчил эмес мүчөлөрү тарабынан), шаардын көчөлөрүнөн жана жумушка кабыл алууда көбүрөөк дуушар болушат. Бул көбүнчө хижап кийүүгө байланыштуу.



Эркектер исламофобияга жумушта, окууда, ЖМКларда, социалдык түйүндөрдө кабылып, укук коргоо органдары тарабынан көбүрөөк кысымга алынышат. Ошондой эле мусулмандардын баш кийимин жана/же мусулман кийимдерин кийип жүргөндөр да исламофобияга көчөлөрдө көбүрөөк дуушар болушат.

“Мен коомчулук тарабынан мага карата орой мамиленин айынан азап чегип, ыйлаган күндөрүм да болгон. Бир жолу университетке барган автобуста кары адам жол бою мени урушуп, тилдеп, каралап барды. Аны токтотуп: «Антип айтпаңыз, андай кылбаңыз» деп айткан бир дагы адам болбоду. Мен: «Байке, мен орозо кармап жаткан элем, мага сүйлөбөңүзчү» дедим, бирок ал мени токтобой уруша берди. Мен автобустан түшүп кетким келди, бирок сабакка кечигип жаткандыктан, отура бердим. Андан кийин ыйлап жибердим. Эсимде, 60 жаштарда, көз айнек тагынган, узун бойлуу киши эле. Азыркыга чейин ошол оор элес көз алдымдан кетпейт”.

«Азыр мен экинчи никем менен жашайм. Биринчи никемдеги күйөөм мени жоолук оронгондугум үчүн жемелеп, мени террорист деп айтчу. Өзү болсо динден алыс эле. Кечке эле мени: «Аллаху Акбар! Силерден коркуш керек, чыныгы террористтер - силерсиңер» деп шылдыңдачу. Анын ата-энеси: «Эмне оронуп алдың? Чеч алдагыларыңдын баарын» деп айтчу. Азыр, Кудайга шүгүр, экинчи жолдошум менен баары жакшы. Мен дин боюнча курстарга, лекцияларга барам».

Эксперттердин ой-пикирлери

Эксперттер өлкөдөгү исламофобия деңгээли жогору, бирок, ошондой болсо да советтен кийинки мейкиндиктеги башка өлкөлөргө салыштырмалуу төмөнүрөөк деп эсептешет. Алардын ою боюнча исламофобия ар кандай мамлекеттик жана коомдук ишмерлердин эл алдында сүйлөгөн сөздөрүндө, ЖМКларда жана социалдык түйүндөрдө байкалат. Бул нерсе саясий курал катары пайдаланып, ошондой эле күч зомбулугуна чейин алып келиши мүмкүн.

Эксперттер исламофобиянын себептеринин ичинен жеке тажрыйба менен тарбияны, ислам жөнүндө ишенимдүү маалыматтын жоктугу, диний сабаттуулуктун алсыздыгы (мусулман жана дин аралашпаган коомдоштуктардын арасында), мечиттердин көптүгү, ошондой эле Кыргызстандын жарандарынын согуш аракеттерине катышуу үчүн Сирияга, Ирак жана Афганистанга чыгып кетишин айтып чыгышты.

Эксперттер улуу муундун өкүлдөрүн, социалдык түйүндөрдү жана Афганистан менен Жакынкы Чыгышта батыш өлкөлөрү тарабынан демилгеленген жана ааламдагы жана жергиликтүү медиа мейкиндиктерде “исламга каршы согуш” менен коштолгон “террор менен күрөшүүнү” исламофобиянын булактары деп эсептешет.

+996 312 610435
kyrgyzstan@international-alert.org
International Alert Kyrgyzstan
internationalalertkg
www.international-alert.org
International Alert

Долбоор Европа Биримдиги тарабынан каржыланат

International Alerttин “Дин жана демократия боюнча конструктивдүү пикир алышуу” долбоорунун алкагында жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжалары боюнча **аналитикалык макалалар**

Кыргыз улуттук баалуулуктар жалпы жарандык бирдейликти түзүүнүн фактору катары

Айсалкын Тойбаева, Али Жусубалиев, Мээрим Субанбекова, Нурболот Зайырбек уулу
Ментор: Зайлабидин Ажимаматов

Резюме
Бул изилдөө Кыргызстандын эки шаарындагы (Бишкек жана Ош) жалпы жарандык бирдейликтин калыптанышын кыргыз улуттук (этникалык) баалуулуктарга байланышкан беш чөйрөнүн: өзүн өзү аныктоо, тил, кыргыз каада-салттары, майрамдары жана улуттук кийими сыяктуу призмалары аркылуу карап чыкты. Изилдөөлөр бардык беш чөйрөдө тең улуттук баалуулуктар биринчи планга коюлгандыгын: өзүн өзү аныктоодо улут жарандыктан жана динден да маанилүү экендигин; кыргыз тилин орус тилине салыштырмалуу жакшы билишерин; улуттук каада-салттар респонденттердин 73%ына маанилүү жана 90%ы аны сактагандыгын (же жарым-жартылай карманаарын); 68%ы кыргыз улуттук кийимин кийип жүрүшөөрүн (же кээде кийип чыгаарын) көрсөттү. Ошондой эле изилдөө эки шаардын ортосундагы олуттуу айырмачылыкты: Ош шаарынын жашоочулары үчүн улуттук баалуулуктар Бишкек шаарынын тургундарына караганда көбүрөөк мааниге ээ экендигин ачыктады. Бул жагынан алып караганда түштүктүн борбору дагы деле салтты көбүрөөк карманып келет. Изилдөөдө кыргыз улуттук баалуулуктарды сактоо жана кыргыз тилин жайылтуу республиканын калкын бириктирүү кызматын аткарышы мүмкүн деген жыйынтык чыгарылды. Бирок, мындай траектория эскичилдиктин жана улутчулдуктун өсүшүнө алып келбөөсүнө көңүл буруу абдан маанилүү.

Киришүү
Бүгүнкү күндө Кыргызстанда коомдук процесстердеги этникалык фактордун ролу бир топ жогорулагандыгын байкоого болот. Бул жерде сөз маданий, тилдик, этникалык, диний бирдейликти сактоого байланышкан ар кандай кыймылдардын идеологиясы тууралуу болуп жатат. Этникалык психологиялык сөздүккө ылайык, улуттук баалуулуктар – бул «алардын тарыхый өзгөчөлүгү чагылдырылган тигил же бул этникалык коомчулук өкүлдөрүнүн диний идеалдарынын жыйындысы».
Бул изилдөө ушул жыйынды эмнеден түзүлөөрүн изилдөөнү жана республиканын жарандары улуттук бирдейликти түзгөн баалуулуктар, үрп-адаттар, каада-салттар, тил, майрамдар жана улуттук кийим сыяктууларга карата мамилесин карап чыгууну өзүнө максат кылып койот.

Методология
Изилдөө Кыргызстандын эки чоң шаарында: Бишкек жана Ош шаарларында жүргүзүлдү. Изилдөөнүн бул шаарларда өткөрүлгөндүгүнүн топтолгондугунун себеби
- так эле ушул шаарларда бирдейликти түшүнүүдө жана тажрыйбаларда бир топ активдүү өзгөрүүлөр болуп турат. Шаар калкы абдан прогресивдүү болуп саналаарын жана, эгерде изилдөө айылдарды камтый турган болсо, жыйынтыктары бир топ эле айырмаланышы мүмкүн экендигин эске алуу зарыл. Ошондой эле тарыхый жана маданий жактан айырмаланган эки регионду: түндүктүн жана түштүктүн шаарларын салыштырып көрүү маанилүү болгон. Бардыгы болуп 200 респондент сурамжыланып (ар бир шаардан 100дөн), 24 тереңдетилеген интервью алынды. Изилдөөнүн жыйынтыктарын талкуулоо улуттук баалуулуктар менен байланышкан беш чөйрөнүн тегерегинде түзүмдөштүрүлгөн.

Өзүн өзү аныктоо

“Сиз кимсиз?” деген суроого респонденттердин көпчүлүгү (42%ы) биринчи кезекте өздөрүнө кыргыз, өзбек ж.б. деген аныктама беришти. Жарандык (кыргызстандык) бирдейликтин маанилүүлүгү боюнча (27%) экинчи жана дин үчүнчү (23%) кезекте турду. Бишкек шаарынын тургундары Ош шаарына салыштырмалуу көбүрөөк өздөрүн улуту боюнча аныкташкан. Бул, оболу, 2010-жылдагы этникалык чыр-чатак трагедиясынын кесепеттерине жана бул теманын сезимталдыгына байланыштуу болсо керек. Ош шаарында жарандык, дин жана социалдык статус бирдейликтин эң маанилүү белгилөөчтөрү болду.



Тил

Эки шаар тең мурда калктын көбүн орус тилдүүлөр түзгөн шаар болуп келген. Бүгүнкү күндө бул көрүнүш толугу менен өзгөрдү. Кыргыз тилинде респонденттердин 62%ы эркин сүйлөсө, ал эми орус тилинде 46%ы гана сүйлөйт. Анын үстүнө Бишкек ш. менен Ош ш. ортосунда чоң айырмачылык бар: Бишкек шаарында орус тилинде, ал эми Ош шаарында кыргыз тилинде жакшыраак сүйлөшөт.



«Балким, бул патриотизм сезимидир, билбейм... эгерде мен кыргыз тилин билбесем, анда мен өзүмдү өзүм биле бербейм». (Айгерим, 24 жашта, Бишкек)

Улуттук каада-салттар жана үрп-адаттар

Респонденттердин төрттөн үчүнө жакыны улуттук каада-салттар жана үрп-адаттар маанилүү деп эсептешет, 10 респонденттин 9у аларды толук же жарым-жартылай карманат. Каада-салттар жана үрп-адаттар түштүктүн Ош шаарында көбүрөөк сакталган, ошол эле убакта Бишкек шаары бир аз “заманбап” болуп саналат.



Майрамдар

Курман айт менен Орозо айт майрамдары эң маанилүү болуп саналат. Бул бир жагынан исламдын салттуу майрамдары болуп саналат жана көптөр аларды диний майрам катары майрамдашат. Бирок, ошол эле учурда аларды улуттук деп да эсептегенге да болот, себеби аларды бардык үй-бүлөлөр, анын ичинде динчил эмес үй-бүлөлөр дагы майрамдашат. Алардан кийин эле маанилүүлүгү боюнча жарандык бирдейлик менен байланышкан улуттук мамлекеттик майрамдар: Эгемендүүлүк күнү, Мамлекеттик тил күнү жана Конституция күнү майрамдалат. Андан кийин азыраак расмий майрамдар – Нооруз жана Ак калпак күнү жана андан кийинкиси - уламдан-улам популярдуулугу азайып бараткан советтик майрамдар: Мекенди коргоочулардын күнү жана Аялдардын эл аралык күнү турат. Ош шаарында улуттук-диний майрамдар болсо, Бишкекте калган баардык майрамдар популярдуу. “Сиз улуттук майрамдарды майрамдайсызбы?” деген өзүнчө суроого Оштун респонденттери оң жооп беришти, бул Курман айт менен Орозо айт улуттук майрамдар болуп эсептелгендигин тастыктайт.

Улуттук кийим

Эгерде мурда шаар ичинде улуттук кийимди кийип жүрүү артта калгандыктын белгиси болуп эсептелинген болсо, анда бүгүн тренддер абдан өзгөргөн. Популярдуу улуттук кийимдерди чыгарган көптөгөн жаңы бренддер чыгарыла баштады, эми калпактарды, чапандарды же тебетейлерди кийип жүрүү кадимкидей эле көрүнүш болуп калды: респонденттердин 40%ы улуттук кийим кийип жүрсө, 28% аны кээде кийет. Дагы деле түштүктө улуттук кийим түндүккө караганда көбүрөөк популярдуу.

Тыянактар

Бул изилдөө улуттук баалуулуктар республиканын шаар тургундарынын заманбап жалпы жарандык бирдейлигинин өтө маанилүү түзүүчүсү болуп бара жаткандыгын көрсөттү. Бардык беш чөйрөнүн анализи диний баалуулуктар менен көп учурда кайчылаш өтүүчү улуттук баалуулуктар жарандык жана дин аралашпаган баалуулуктарга салыштырмалуу көбүрөөк таасирдүү ролду ойногондугун, өзгөчө республиканын түштүгүнүн Ош шаарында ачык байкаларын айгинеледи. Бул деген ааламдашуу процесстери жергиликтүү маданияттын өзгөчөлүгүн өчүрбөстөн, тескерисинче ага басым жасап, күчөтүп жаткандыгын биз позитивдүү өнүгүү катары байкап жатабыз.

Сунуштар

Биз мамлекет улуттук баалуулуктардын популярдуулугун бекемдөө жана күчөтүү үчүн аракеттерди көрүүсү зарыл деп эсептейбиз. Ааламдашуу доорунда алар улуттук маданияттын, каада-салттардын, үрп-адаттардын жана тилдин уникалдуулугун сактоонун кепилдиктери болуп саналат. Мамлекет жаштардын улуттук тилге, майрамдарга, кийимге ж.б. болгон кызыгуусун колдоого алуусу керек.

Бирок, мындай траектория эскичилдиктин жана улутчулдуктун өсүшүнө алып келбешине көңүл буруу абдан маанилүү. Улуттук баалуулуктарды глобалдуу маданий түрдүүлүктүн контекстине жана илимдин, заманбап технологиялардын жана инновациялардын өнүгүүсүнө позициялаштыруу боюнча аракеттерди көрүү керек. Улуттук баалуулуктар аны артка өткөн заманга тарта турган күч эмес, коомдун оң алдыга умтулган өнүгүүсү үчүн негизи болушу абадан маанилүү.

Бул аналитикалык макала International Alertтин “Дин жана демократия боюнча конструктивдүү пикир алышуулар” долбоорунун алкагында жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжалары боюнча жазылды. Изилдөөлөр долбоордун алкагында 2017 жана 2018-жылдары окутулган жаш изилдөөчүлөр тара жүргүзүлдү.

Редакциялык коллегия: Шакират Токтосунова, долбоордун директору, International Alertтин Кыргызстандагы өкүлү; Расул Момуналиев, долбоордун менеджери.

Бул макала Европа Биримдигинин колдоосу менен даярдалды. Бул макаланын мазмуну International Alert уюмунун жоопкерчилик предмети болуп саналат жана Европа Биримдигинин көз карашын чагылдырбайт.
© 2019. International Alert. Бардык укуктар коргоого алынган.

Сунуштар

Мамлекеттик бийлик органдары, эл аралык жана диний уюмдар, жарандык жана академиялык коомчулук төмөнкүлөргө тийиш:

- ЖМКларга дин жана демократия боюнча конструктивдүү пикир алышууну курууга активдүү көмөк көрсөтүү, дин маселелери боюнча материалдарды даярдоо жана жарыялоо процессинде жеткиликтүү жана ачык болуу.
- ЖМКларга Дин чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын концепциясын ишке ашыруу процессине көмөк көрсөтүү. КРнын Журналистинин этика кодексин сактоону камсыз кылуу. Дин таануу журналистикасынын кадрларын дардоону уюштуруу жана бул теманы чагылдыруу менен алектенген журналисттерди колдоо.
- Дин таануу журналистика курсун киргизүү жана “журналистика” адистиги боюнча окуган ЖОЖдордун студенттери үчүн диний проблематика боюнча даярдыкты тереңдетүү.
- Өлкөдөгү дин проблемаларын толугу менен чагылдыруучу жалпы мамлекеттик, дин таануу, мезгилдүү, жума сайын чыга турган басылманы уюштуруу.
- Мыйзамдар базасына дин багытындагы ишти жүзөгө ашыруучу жергиликтүү ЖМКлардын редакцияларында дин маселелерин чагылдырган бөлүмдүн (эксперт теологдор бөлүмү) милдеттүү түрдө болушу жөнүндө жобону киргизүү.
- Диний окуу жайларына эл алдына чыгып сүйлөө жана коомчулук менен байланышуу курстарын киргизүү, болочоктогу дин кызматчыларын “аудитория менен баарлашууга” окутуу.

Жалпыга маалымдоо каражаттары:

- Ата мекендик ЖМКлар ата мекендик журналистиканын калыптануусунун тарыхый этаптарын, Кыргызстандын элинин улуттук жана салттуу баалуулуктарын, ошондой эле Кыргызстандын абдан татаал тарыхый жолун эске алуу менен заманбап журналисттик үлгүлөрдү адаптациялоого тийиш.
- Ата мекендик ЖМКлар дин маселелерин чагылдырууда Дин (концепциянын толук аталышы) чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын концепциясынын негизги багыттарын бул программаны биргелешип ишке ашыруу максатында эске алуулары керек.
- Эксперттик коомчулуктарды, ошондой эле мамлекеттик бийлик органдарын дин жөнүндө материалдарды даярдоодо жана жарыялоодо толук кандуу жана объективдүү анализ жүргүзүүгө тартуу зарыл.
- ЖМКлар диний жашоонун проблемаларын, өзгөчө чыр-чатактык кырдаалдарды чагылдырууга калыстык менен, объективдүү, чынчыл жана абдан адептүүлүк менен мамиле жасоого тийиш. Журналисттер анык маалыматка көңүл буруулары, ошондой эле дин маселелерин чагылдырууда эл аралык тажрыйбаны изилдеп чыгуулары жана пайдалануулары керек.
- ЖМКлар мамлекет жана жарандык коомчулук менен гана эмес, ошондой эле диний уюмдар менен дагы кызматтыштыкты жөнгө салууга тийиш.

Бул аналитикалык макала International Alerttин “Дин жана демократия боюнча конструктивдүү пикир алышуу” долбоорунун алкагында жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжалары боюнча жазылды.
Изилдөөлөр долбоордун алкагында 2017 жана 2018-жылдары окутулган жаш изилдөөчүлөр тарабынан жүргүзүлдү.

Редакциялык коллегия: Шакират Токтосунова, долбоордун директору, International Alerttин Кыргызстандагы өкүлү; Расул Момуналиев, долбоордун менеджери.

Бул макала Европа Биримдигинин колдоосу менен даярдалды. Бул макаланын мазмуну International Alert уюмунун жоопкерчилик предмети болуп саналат жана Европа Биримдигинин көз карашын чагылдырбайт.
Европейского Союза.
© 2019. International Alert. Бардык укуктар коргоого алынган.

Долбоор Европа Биримдиги тарабынан каржыланат

International Alerttин “Дин жана демократия боюнча конструктивдүү пикир алышуу” долбоорунун алкагында жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжалары боюнча **аналитикалык макалалар**

Дин маселелерин чагылдырууда, ошондой эле дин жана демократия боюнча конструктивдүү пикир алышууларды курууда ЖМКнын ролу

Роза Дуйшеева, Абай Кенжекулов, Айпери Абдыбаева
Ментор: Маметбек Мырзабаев

international alert

Резюме

Бул изилдөө дин маселелерин чагылдырууда, ошондой эле Кыргыз Республикасындагы дин жана демократия боюнча конструктивдүү пикир алышууларды курууда жалпыга маалымдоо каражаттарынын заманбап ролун изилдөөнүн биринчи аракетин сунуш кылат. Бул проблеманы изилдөө үчүн сандык жана сапаттык усулдарды пайдалануу аркылуу ар тараптуу анализ жүргүзүлгөн: ата мекендик жалпы маалымат каражаттары (ЖМК) веб-сайттарынын макалаларынын контент-анализи, ошондой эле Бишкек жана Ош шаарларынын калкынын эксперттик-терең интервьюсун жана жалпы сурамжылоону камтыган талаа изилдөө. Алардын негизинде жарыялануучу материалдардын негизги мүнөздөмөлөрү жана республикадагы дин маселелерин чагылдырууда ЖМКнын ролу ачып көрсөтүлгөн. Изилдөө төмөнкүдөй негизги тыянакка келди: мамлекеттин жана жарандык коомдун ЖМКнын ишмердигине активдүү көмөк көрсөтүүсүндө, ошондой эле Кыргызстандын элинин улуттук жана салттуу баалуулуктарын ата мекендик журналистиканын калыптануусунун тарыхый этаптарын эске алуу менен заманбап журналистикалык үлгүлөрдүн адаптациялануусунда гана дин жана демократия боюнча конструктивдүү пикир алышуу тартипке келтирилиши мүмкүн.

Киришүү

Кыргызстанда эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин динге кызыгуунун өсүшү байкалууда, анын көрсөткүчтөрүнүн бири болуп диний уюмдардын санынын тез көбөйүүсү саналат. Мамлекеттин либералдык диний саясаты, чет өлкөлүк миссионерлердин активдүү иши жана чет элдик диний уюмдардын каржылык колдоосу динди өнүктүрүүгө жана диний багыттагы объекттердин санынын өсүшүнө түрткү берди. Ушуга байланыштуу дин маселелери боюнча коомдук пикирди калыптандырууда жалпыга маалымдоо каражаттарынын ролу өсүүдө. Так ошол ЖМКнын өзү коомдук мамилелердин туруктуулугун сактап туруу фактору катары чыгышы мүмкүн. Ошону менен бирге алар потенциалдуу терс ролду да ойной алышат. Демек, тандалып алынган тема бүгүнкү күндөгү эң эле актуалдуу болуп саналат.

Изилдөөнүн максаты: дин жана демократия боюнча конструктивдүү пикир алышууну куруу процессинде ЖМКнын дин маселелерин чагылдыруудагы ролун изилдөө.

Изилдөө усулдары

Долбоордун алкагында кабинеттик жана талаа изилдөөсү жүргүзүлгөн. Кабинеттик изилдөө тандап алынган үч электрондук (онлайн): КТРК (мамлекеттик), Азаттык (эл аралык коммерциялык эмес) жана 24.kg (жергиликтүү, жеке менчик) ЖМКнын контент-анализин камтыйт. Талаа изилдөө эксперттер менен интервьюну жана 400 респондентти (Бишкек ш. 200 жана 200үү Ош ш.) жалпы сурамжылоону камтыган. Сурамжылоого интернет ресурстарынын активдүү колдонуучулары, эң оболу, студенттер жана академиялык коомчулуктун өкүлдөрү тартылган.

Азаттык

Азаттык сайтында “дин” деген аталыштагы атайын рубрика бар, анда дин жөнүндө материалдар жумасына бирден үч жолуга чейин чыгып tkg урат. Агенттик светтик жана демократия принциптерин көбүрөөк карманат. Изилденген макалалардын көбү (77,5%) – аналитикалык макалалар, бул компетенттүүлүктөн жана кесипкөйлүктөн кабар берет. Салыштырылган үч сайттан дин боюнча эксперттерди көбүрөөк Азаттык чакырып турат. Материалдарды даярдоодо КРнын журналисттеринин этика кодексинин бардык ченемдери, ошондой эле журналистиканын негизги принциптери сакталат. Азаттык динге тиешелүү проблемаларды жөн гана билдирип турбастан, алар ды майда-үйдөсүнө чейин жана ар тараптуу изилдөөгө да аракет жасайт. Кемчиликтерге негизинен Этика к одексинин 10 жана 17-беренелеринин жоболорун сактабоо кирет. Сурамжылангандардын арасынан Бишкекке карганда (3%) Ошто (26,2%) сайттын окурмандары көбүрөөк болуп чыккан.

КТРК

Жалпысынан ktrk.kg веб-сайтында жаңылыктар макалалары басымдуулук кылат - 65,5%. Аналитикалык материалдардын үлүшү – 29,7%, бул журналисттердин дин маселелеринде компетенттүүлүгүнүн деңгээлинин төмөн экендигинен кабар берет. Изилдөөлөрдүн жыйынтыгы журналистиканын негизги ченемдеринде маанилүү бузуулар бар экендигин тастыктады: 1) айрым макалаларда теңдемдин жоктугу; 2) макалаларда тараптардын ой-пикирлеринин жоктугу; 3) дин маселелерин чагылдырган журналисттердин компетентсиздиги жана кесипкөй эместиги; 4) коомдо чыңалууну жаратышы мүмкүн болгон ар тараптуулук принцибин сактабоо; жана 5) негизсиз салыштырма анализ жүргүзүү. Анализделип чыккан макалалардын көбүрөөк бөлүгү (26,2%) дин чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатка тиешелүү, бул мамлекеттик ЖМК статусуна байланыштуу.

24.kg

Веб-сайтта дин темасына өзүнчө рубрика жок. Ал башка бөлүмдөрдөгү аналитикалык макалалар аркылуу, News Brief макалаларда жана тигил же бул изилдөөлөрдүн натыйжаларына таянган материалдарда чагылдырылат. Макалалардын көпчүлүгү нейтралдуу болуп, журналисттер ой-пикирлер теңдемин карманышат. Макалалардын негизги бөлүгүн жаңылыктар түзөт, бирок аналитикалык макалалар да кездешет. Аналитикалык макалалар эксперттердин ой-пикирлерин эске алат. Агенттиктин журналисттеринин ишинин начар жактары баштапкы документтерден жана изилдөөлөрдөн цитаталарды келтирүү этикасына байланыштуу. 24.kg сайтында дин темасы боюнча маалыматты суралгандардын 4%ы гана алат.

Анкеталык суроонун жыйынтыктары

Респонденттердин көпчүлүгү (63%) дин темасы жөнүндө маалыматты интернет ресурстарынан алышат.

Респонденттер тарабынан жогоруда аталган үч агенттиктин дин маселелерин чагылдыруунун беш баллдык шкаласы боюнча алардын ачыктыгына, нейтралдуулугуна, сабаттуулугуна, конструктивдүүлүгүнө баа берилишин алып карасак, респонденттердин эң көп жактырышканы - 24.kg (4.6 балл), андан кийин Азаттыкты (4 балл) баалашарын жана эң аз КТРКны (3.7 балл) жактырышаарын көрсөттү. Респонденттердин ЖМКнын дин жана демократиянын өз ара аракеттешүүдөгү ролуна карата мамилелери абдан эле карама-каршы келет. Респонденттердин 4%ы гана ЖМКны дин аралашпаган жана динчил коомдун ортосундагы чыр-чатактын себеби деп эсептебейт; көпчүлүгү же түз байланышты (24,7%), же болбосо мүмкүн болгон байланышты (48,5%) көрөт.



Журналисттер менен тереңдетилген интервью

ЖМК өкүлдөрү материалдарды даярдоо жол-жобосу журналистиканын жалпы стандарттарына жана принциптерине негизделерин белгилешкен. Ошондой болсо да агенттиктер бири биринен өздөрүнүн макалаларына карата олуттуу мамилеси менен айырмаланат. Мисалы, Азаттыктын редакциясында теолог иштейт, ал эми материалды даярдоого орточо алып караганда бир ай кетет. Ошол эле убакта ар кандай институттардын, мисалы, УКМК сыяктуулардын пресс-релиздеринин негизинде гана макала жазган журналисттер да бар. Үчүнчүлөр өздөрүнүн басылмаларынын кирешесин көбөйтүү жана рейтингин жогорулатуу үчүн бир мүнөттүк сенсациялуулуктун артынан түшүп, көп учурда кандайдыр бир негизи жок эле сүрөттөрдү, сөздөрдү пайдаланып, коомго бүлүк салуучу «экстремизм», «фанатизм» жана «терроризм» сыяктуу терминдерди темаларга коюп алышат.

Дин маселелерин чагылдырган жана бул тармакта адис болуп саналган журналисттер абдан аз (жалпы санынын 4-5%ы). Айрым ЖМКлар бул проблеманы чечүү үчүн тренингдерди жана семинарларды өткөрүшөт.

Ар бир ЖМКнын өзүнүн позициясы бар, мисалы Азаттык дин аралашпаган позицияны карманууга басым жасаса, КТРК дин чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатка басым жасайт. Ошондой болсо да, журналисттер нейтралдуулукту сактоо жана окурмандарга өз оюн таңуулоодон карманууу зарылчылыгын белгилешет.

ЖМКлардын мамлекеттик органдардан көз карандуулук маселеси боюнча ой-пикирлери бөлүнүп кетет. Журналисттердин бир тобу журналистика мамлекеттик саясаттан жана саясий күчтөрдөн жогору турушу керек деп эсептешет. Башкалары бүгүнкү күндө ЖМКлар мамлекеттик саясаттан, өзгөчө мамлекеттик органдардын пресс-релиздеринин негизинде жазгандар түздөн-түз көз каранды деп эсептешет.

Дин темасына жазуу жеңил жумуш эмес. Журналисттер анык эмес маалыматты жарыялоодон сактануулары, ошондой эле диний жамааттын алардын сынына карата жообуна терс реакциядан этият болуулары керек.

Тыянактар

Калкты сурамжылоонун жыйынтыктары көрсөткөндөй, интернет дин жөнүндө маалыматтын башкы булагы болуп саналат. Андыктан, ЖМКлар дин маселелерин кандайча чагылдырып жаткандыгы абдан чоң ролду ойнойт. Журналисттер бул нерсени түшүнүп турганы менен, бирок журналисттердин дин маселелерин чагылдыруу зарылчылыгын кандайча көргүсү келгендери менен бул нерсе чындыгында кандайча болуп жаткандыгынын ортосунда айырмачылык бар. Журналисттердин көпчүлүгү мамиле кылуунун объективдүүлүгүнүн жана адептүүлүгүнүн, маалыматтын аныктыгынын жана журналистиканын жалпы стандарттары менен принциптерин карманууунун маанилүүлүгүн жакшы түшүнүшөт. Бирок бардык эле журналисттер бул принциптерди акыр аягына чейин карманбайт. Азаттык өзүнүн олуттуу мамилеси боюнча мыкты үлгүлөрдүн бири болуп саналат. Ошол эле убакта агенттиктердин көпчүлүгү сенсация жаратуунун артынан түшүп, дин темасына тиешелүү кылдаттыгы жок эле кайрылышат. Мунун бирден бир негизги себеби болуп дин маселесин жакшы талдаган квалификациялуу журналист кадрларынын жетишпегендиги саналат. Анын үстүнө бардык эле ЖМКлар динге мамлекеттен көз карандысыз өз алдынча көз карашты билдире алышпайт. Сурамжылоонун катышуучуларынын көпчүлүгү ЖМКлардагы макалалар дин аралашпаган жана диний жамааттын ортосундагы чыңалуунун мүмкүн болгон себеби деп эсептешкени таң калтырбаса керек. Ага ылайык, изилдөө ЖМКлардын дин жана демократия боюнча конструктивдүү пикир алышууларды куруугa оң таасир этүү дарамети бар, бирок бул дараметти ишке ашыруу үчүн көп аракеттерди көрүү керек деген тыянакка келди.

ЖӨБО менен диний уюмдардын өз ара аракеттешүү тажрыйбасын изилдөө бюджетти бөлүштүрүү жана жер участокторун бөлүп берүү абдан аярлуу маселе болуп саналат. Анда таасир этүү мүмкүн болгон негизги фактор – бул чечимдерди кабыл алган адамдардын мыйзамдарды билбегендиги.

Бир катар ЖӨБОлордо бийликтин жергиликтүү органдарынын, жергиликтүү жамааттын өкүлдөрүнүн жана диний лидерлердин ичинен коомдук платформалар түзүлгөн. Эреже катарында, бул платформалар радикализмге жана экстремизмге каршы күрөшүү, конфессиялар аралык чыр-чатактардын алдын алуу, сабырдуулук чөйрөсүндөгү иш-чараларды уюштуруу механизмдерин талкуулоо жана иштеп чыгуу үчүн пайдаланылат.

Талас областында күрд менен кыргыз улутунун (Кызыл-Адыр айылы) өкүлдөрүнүн ортосунда улуттар аралык чыр-чатактар орун алган. Чүй областында ЖӨБО өкүлдөрү протестант агымындагы диний уюмдардын ишмердиги жөнүндө жетиштүү даражада кабардар болгон эмес жана өз ара аракеттешүү уюмду контролдоо боюнча минималдуу талаптар менен чектелет.

Калктын көбүрөөк бөлүгүндө «диний уюм», «секта» жана «террористтик уюм» деген түшүнүктөр – бул синонимдүү терминдер деген пикир орун алган. Бул ЖМКда жана Интернетте маалыматты бир беткей берүүнүн натыйжасы болуп саналат деп божомолдоого болот.

Диний уюмдардын ишмердигин контролдоо даражасы ар түрдүү. Мисалга алсак, кайсы бир айылдарда жана айыл аймактарында текшерүүлөр үзгүлтүксүз (квартал сайын, ай сайын) жүргүзүлүп турган болсо, башкаларында тескөө документтерди жыл сайын текшерүү менен гана чектелет.

Сунуштар

Алынган тыянактардын негизинде ЖӨБОнун диний уюмдар менен өз ара аракеттешүү маселелериндеги дараметин жогорулатуу зарылчылыгына көңүл буруу сунушталат. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигине төмөнкүлөр сунушталат:

- Мүмкүнчүлүк болгондо ЖӨБОнун негизги кызматкерлеринин кесиптик квалификациясын аттестациялоодон өткөрүү (төмөнкү суроолорго басым жасоо: диний уюмдар жана башка жарандык коомдун бирикмелери менен өз ара аракеттешүүсү, жергиликтүү бюджетти түзүү жана бөлүштүрүү, жер участокторун бөлүп берүү);
- Айыл өкмөттөрүндөгү негизги кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу, бюджетти түзүү жана бөлүштүрүү маселелери боюнча жергиликтүү кеңештердин өкүлдөрүн окутууну уюштуруу;
- ДИМК Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссия менен биргеликте - ЖӨБОнун диний уюмдар менен өз ара аракеттешүүсү жөнүндө кабардар болуусун жогорулатуу (үйрөтүүчү семинарлар же тренингдер, маалыматтык каттар/буклеттер аркылуу);
- Талас областындагы күрд жана кыргыз улуттарынын өкүлдөрүнүн ортосундагы улуттар аралык чыр-чатактар көйгөйүн чечүүгө көмөк көрсөтүү (ИИМ, ЖӨБО).

Бул аналитикалык макала International Alerttин “Дин жана демократия боюнча конструктивдүү пикир алышуулар” долбоорунун алкагында жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжалары боюнча жазылды. Изилдөөлөр долбоордун алкагында 2017 жана 2018-жылдары окутулган жаш изилдөөчүлөр тарабынан жүргүзүлдү.

Редакциялык коллегия: Шакират Токтосунова, долбоордун директору, International Alerttин Кыргызстандагы өкүлү; Расул Момуналиев, долбоордун менеджери.

Бул макала Европа Биримдигинин колдоосу менен даярдалды. Бул макаланын мазмуну International Alert уюмунун жоопкерчилик предмети болуп саналат жана Европа Биримдигинин көз карашын чагылдырбайт.
Европейского Союза.
© 2019. International Alert. Бардык укуктар коргоого алынган.

Долбоор Европа Биримдиги тарабынан каржыланат

International Alerttин “Дин жана демократия боюнча конструктивдүү пикир алышуу” долбоорунун алкагында жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжалары боюнча **аналитикалык макалалар**

Диний уюмдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара аракеттешүүсү: Чүй жана Талас областтарынын мисалында диний уюмдардын жергиликтүү деңгээлде чечимдерди кабыл алуу процессине потенциалдык таасир тийгизүүсүнүн себептери жана мазмуну

Дмитриенко А., Сатаева С., Суран к. М., Тимур к. А.
Ментор: Икболжан Мирсаитов

international alert

Резюме

Бул изилдөө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (ЖӨБО) диний уюмдар менен кантип өз ара аракеттенишээрин жана алар бири бирине кандай таасир этишээрин изилдеп чыкты. Изилдөө кабинеттик жана талаа компоненттерин камтыды. Анализдин жыйынтыктары өз ара аракеттешүү дин тутуу эркиндигинин салыштырмалуу жогорку деңгээлинин жана ар кандай багыттар боюнча өз ара өнөктөштүгүнүн контекстинде болуп жаткандыгын көрсөттү. Бардык сурамжыланган ЖӨБОлор болгон ыйгарым укуктарынын алкагында диний уюмдар менен өз ара аракеттенишет. Бир катар айылдарда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчыларынын жетекчилиги астында бийликтин жергиликтүү органдарынын, жергиликтүү коомчулуктун өкүлдөрүнүн жана диний лидерлердин катышуусунда дин иштери боюнча коомдук комитеттер (платформалар) иштешет. Эреже катарында, бул платформалар радикализмге жана экстремизмге каршы аракеттенүүнү талкуулоо жана анын механизмдерин иштеп чыгуу, конфессиялар аралык чыр-чатактарды алдын алуу, сабырдуулукту жылдыруу боюнча иш-чараларды уюштуруу үчүн пайдаланылат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен диний уюмдардын өз ара аракеттешүү чөйрөсүндөгү абдан аярлуу маселелер болуп бюджетти бөлүштүрүү жана жер участокторун бөлүп берүү маселелери саналат. Изилдөөлөрдүн жыйынтыктары боюнча бул маселелер боюнча чечимдерди кабыл алуу процессине таасир этүүчү негизги факторлордун бири болуп чечимди кабыл алган адамдын кесиптик сапаттары саналаары аныкталды. Ошондой эле Чүй жана Талас областтарындагы анализдин натыйжаларынын ортосундагы олуттуу айырмачылык: Талас областынын калкы диний көз караштарды көбүрөөк билдиришет жана диний уюмдар абдан олуттуу ролду ойношкондугу аныкталды.

Киришүү

Көптөгөн заманбап коомчулуктарда диний уюмдар коомго олуттуу таасир тийгизип келишет. Бул саясат менен диндин аралашуу ыктымалдыгы бир топ эле жогору болгон Кыргызстанда өзгөчө маанилүү. Бул изилдөө чечимдерди жергиликтүү деңгээлде кабыл алуу процесстерин жана андагы диний уюмдардын ролун изилдейт. Кыргыз Республикасы калкынын көпчүлүгүн мусулмандар түзгөн өлкө болуп саналгандыгын эске алсак, мамлекеттик органдардын исламдык уюмдар жана бирикмелер менен өз ара аракеттешүү мүнөзү өзгөчө актуалдыкка ээ болуп калат. Бул тема изилдөө үчүн маанилүү болуп саналат, себеби ЖӨБОго жарандарды кабыл алууга жооптуу адамдар маселелердин кеңири чөйрөсүндө компетенттүү болууга тийиш, анткени адамдар консультация алуу үчүн биринчи кезекте эле ошолорго кайрылышат. Бүгүнкү күндө анда диний уюмдар менен мамлекеттин «биригүүсү» жокко чыгарылып, өлкөдөгү ой-пикирлер плюрализми жана дин тутуу эркиндиги сакталуучу өз ара аракеттешүүнүн мындай улуттук моделин иштеп чыгуу актуалдуу болууда. Жергиликтүү администрациялардын жетекчилери диний уюмдар менен өз ара

мамилелерди туура түзүүдө жергиликтүү калкты эффективдүү башкарууда жана өнүктүрүүдө маанилүү ролду ойношу мүмкүн. Так эле ошол үчүн бул изилдөө төмөнкүдөй: жергиликтүү деңгээлде кайсы башкаруу чечимдерин кабыл алуу диний уюмдардын таасирине түпкүлүгүндө дуушар болот? - деген суроого жооп табууну өзүнө милдет кылып койгон.

Изилдөө методологиясы

Изилдөө Кыргыз Республикасынын Чүй жана Талас областтарынын 29 калктуу конушунда жүргүзүлгөн. Кабинеттик жана талаа изилдөөлөрү жүргүзүлдү.

Кабинеттик изилдөөнүн алкагында ЖӨБОнун ишин жөнгө салган ченемдик-укуктук актылар; мамлекеттик органдардын отчеттору жана изилдөөлөр; ЖМКлардагы диний уюмдардын же лидерлердин чечимдерди кабыл алууга таасир эткен фактыларын баяндаган макалалар изилденип чыкты. Талаа изилдөөнүн жүрүшүндө дин чөйрөсүндөгү 11 эксперттен, 20 диний ишмерден (имамдардан), 234 жашоочудан интервьюлар алынган. Андан тышкары 145 жашоочудан анкеталык сурамжылоо жүргүзүлгөн.

Дин жана мамлекет

Кыргызстан ар кандай дин конфессияларынын өкүлдөрүнө дин тутуу эркиндигин жана бирдей укуктарды берген дин аралашпаан жана демократиялык мамлекет болуп саналат. Ченемдик-укуктук документтерди изилдөө мамлекеттик органдар т арабынан жетишээрлик көңүл бурулгандыгын жана мыйзамдар жетиштүү өлчөмдө абийир эркиндигине кепилдик берээрин ачыктады. Бул сурамжылоонун төмөнкүдөй жыйынтыктары менен тастыкталат: респонденттердин 3%ы гана өздөрүнүн дин тутуу эркиндигине укуктарын ишке ашыра албайбыз деп эсептеше т; көпчүлүгү аларды толугу менен (68%), же болбосо жарым-жартылай (30%) ишке ашыра алышат.

Ошондой эле мамлекеттик жана диний уюмдардын ортосундагы өз ара аракеттешүү маселесине дагы жетиштүү эле көңүл бурулат; мында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өзгөчө ролду ойношот. Өз ара аракеттешүү ар кандай багыттар боюнча келип чыгат: маданият, билим берүү, социалдык маселелер. Мамлекет диний уюмдарды адеп-ахлактуулук, диний сабаттуулук жана социалдык акыйкаттык маселелеринде жардам бере ала турган өнөктөштөр катары карайт. Ошондой эле дин ишмерлери адеп-ахлактуулук тарбия берүүгө арналган мектеп окуучуларынын катышуусундагы иш-чараларга тартылышат. Ошол эле убакта мамлекет радикализмди жана экстремизмди алдын алуу боюнча иштерди жүргүзүп келет.

Изилдөө диний уюмдар жана ишмерлер ошондой эле ЖӨБОлордун ишине, мисалы, мечиттерди курууга жер бөлүп берүү, спирт ичимдиктерин сатууга тыюу салуу, прозелиттерди көмүү, майрамдарды өткөрүү ж.б. маселелерге таасирин тийгизерин айгинеледи. Бирок ошол эле мезгилде диний ишмерлер саясий маселелерге кирише алышпайт деген так түшүнүк бар. ЖӨБОлордун өкүлдөрүнүн өздөрү мыйзамдарды билбегендиги диний ишмерлердин ЖӨБОлордун чечимдерди кабыл алуу процессине таасир этүү мүмкүнчүлүгүнүн жогорулашынын негизги фактору болуп саналат.

Өз ара аракеттешүү Талас областында көбүрөөк байкалат, ошол эле учурда Чүй областында бул ЖӨБО тарабынан контролдоо жана маалыматты имамдар аркылуу таратуу өтүнүчтөрү менен чектелет. Ошондой эле мусулман уюмдары менен көбүрөөк өз ара аракеттешип, ал эми протестанттык топтор менен байланышуусу алардын жашыруун болгону үчүн минимумга жеткирилген.



Анкеталык сурамжылоонун жыйынтыктары калк арасында мамлекет менен диндин өз ара аракеттешүүсүнө карата көбүрөөк теңдемделген мамиле артыкчылыктуу экендигин; андан кийин аны дин аралашпаган көз караш ээрчип, алардан кийин гана диний көз караш тургандыгын ачыктады. Чүй областы Талас областынан дин аралашпаган көз караштар басымдуулук кылгандыгы менен айырмаланат.

Дин жана коом

Сурамжылоонун катышуучуларынын көпчүлүгү (Чүй областында - жарымы, Талас областында – төрттөн үчү) диний уюмдардын ишмердигине оң көз караштa. Респондеттеринин көбү Хизбут-Тахрир же Иегова күбөлөрү сыяктуу салттуу эмес агымдарга терс мамилеледе экендигин билдиришти. Калган респонденттер баптисттер чиркөөсүн сектанттар деп эсептешет.

Респонденттердин көпчүлүгү диний уюмдар коомдогу төмөнкүдөй социалдык көйгөйлөрдү: тактап айтканда, кайрымдуулук чөйрөсүндөгү, балдар жана карылар үйлөрүндөгү көйгөйлөрдү чечүүгө жана калктын социалдык жактан алсыз катмарлары менен иштөөгө, дин аралашпаган билим берүүнү популяризациялоого, мечиттерди социалдык долбоорлор үчүн пайдалануу, рэкетти жана зомбулукту алдына алуу боюнча окуучулар менен иштөөгө, эрте никеге турууну алдына алуу боюнча, сабырдуулукту жогорулатуу боюнча чараларды көрүүгө, аз камсыздар үчүн үйлөрдү куруп берүүгө тийиш деп эсептешет. Көп айылдарда мындай жумуштар кызуу жүрүп жатат.

Андан көбүрөөк респонденттер диний уюмдар коомдогу баңгилик, алкоголизм, сойкулук сыяктуу адеп-ахлак проблемаларын чечүүгө, үй-бүлөлүк баалуулуктарга үгүттөп, балдарды жана жаштарды адеп-ахлак сапаттарына үйрөтүүгө тартылууга тийиш деп эсептешет.

Дин жана инсан

Изилдөө респонденттердин жашоосуна жеке диний көз караштардын ортосундагы олуттуу айырмачылыкты ачыктады: Талас областынын жашоочулары Чүй областынын жашоочуларына караганда динчил келет жана айылдын жашоочулары шаар тургундарына салыштырмалуу динчилирээк. Ошондой болсо дагы бардык калктуу конуштардагы респонденттердин көбү алтын ортону карманышат жана диний этикалык ченемдерге туура келүүгө аракеттенишет. Чүй областын башка конфессиялардын өкүлдөрүнө сабырдуураак мамилеси айырмалап турат.



Тыянактар

ЖӨБО менен диний уюмдардын изилденүүчү райондордо жана айылдарда өз ара аракеттешүү даражасы бирдей эмес: ал чечимдерди кабыл алуунун тышкы чөйрөсүнөн дагы (биринчи кезекте – бул айыл аймагында жашаган калк), ички чөйрөдөн дагы – чечимдерди кабыл алуучу адамдардын сапатынан көз каранды. Чечимдерди кабыл алуучу адамдын кесипкөйлүк сапаттары (билим деңгээли, кесипкөйлүк квалификациясы, иш тажрыйбасы) өзгөчө маниге ээ. Тышкы чөйрө факторлоруна таасир этүү мүмкүн болбогон фактыны кабыл алуу менен ички факторлорго, тактап айтканда чечимдерди кабыл алуучу адамдардын кесипкөйлүк сапаттарына концентрациялануу керек.

ЖӨБОлор диний уюмдар менен өз ара аракеттешүү механизмдери жөнүндө жетишсиз маалымдалып, ага байланыштуу чечимдерди кабыл алуу процессинде ЖӨБОнун диний уюмдар менен өз ара аракеттешүүсү чечимдерди кабыл алган адамдардын жеке мүнөздөмөлөрү сыяктуу субъективдүү факторлор менен жөнгө салынышы мүмкүн.